КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-ж "05" октября № 37 Беловодск а.

Нарзан айыл аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелерди бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан бекитилген «Жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун типтүү тартибин» аткаруу жөнүндө Москва райондук мамлекеттик администрациясынын катынын негизинде жана Нарзан айылдык кеңешинин жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Нарзан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Нарзан айыл аймагы боюнча көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелер 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысына ушул токтомдон келип чыккан иш-чаралардын аткарылышын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде камсыз кылуу милдеттендирилсин.

3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыялансын.

4. Жооптуу катчыга ушул токтомду белгиленген тартипте каттоодон өткөрүү жана анын көчүрмөсүн тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүү милдеттендирилсин.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарзан айылдык кеңешинин жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын у.м.а. **А.Т. Урманбетов**

Нарзан айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
2026-ж. "___" _____ № _____
токтомуна 1-тиркеме

Нарзан айыл аймагынын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелери

1. Жалпы жоболор

1. Нарзан айыл аймагынын аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыкты сактоо боюнча ушул Типтик эрежелер (мындан ары — Эрежелер) Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 «Улуттук тазалык күнү жана 2023–2025-жылдарга тиричилик калдыктарын башкаруунун натыйжалуу инфраструктурасын түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө» Жарлыгына, ошондой эле калктуу конуштарды көрктөндүрүү жана айлана-чөйрөнү коргоо талаптарын аныктаган башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан.

2. Эрежелер көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чөйрөсүндө бирдиктүү жана милдеттүү талаптарды белгилейт, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн айыл аймагын тазалоо жана кармоо тартибин аныктайт.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Эрежелер менен белгиленген көрктөндүрүү маселелери боюнча жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жооптуу болуп саналат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өз ыйгарым укуктарынын чегинде көрктөндүрүү маселелерин чечүү боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдү аныктайт.

2. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

5. Ушул Эрежелерде төмөнкүдөй түшүнүктөр жана терминдер колдонулат:

Абонент - тиричилик таштандыларын чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө келишим түзгөн же түзүүгө милдеттүү жеке же юридикалык жак;

Калктуу конуштун сырткы келбетин көрктөндүрүү - калктуу конуштун айланасында калктын жашоосу жана эс алуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнү камсыз кылуучу иштердин жана элементтердин топтому;

Катуу калдыктарды чыгаруу - атайын автотранспортторго ташып жүктөө, таштанды жайларын жана аларга кире бериш жерлерди төгүлгөн таштандылардан тазалоо, андан ары катуу калдыктарды чогултуучу жайлардан жок кылуу жайларына ташып жеткирүү;

Газон – жасалма жол менен түзүлгөн чөп каптаган жер тилкеси түрүндө жашылдандыруу элементи;

Бекитилген аймак - юридикалык же жеке жактардын менчигинде, ижарасында же пайдалануусунда имараттар, үй чарбалары, курулуштар жана башка объекттер жайгашкан аймак;

Жашылдандырылган жерлер - жасалма түрүндө жана табигый өсүп чыккан бак-дарак, бадал жана чөп өсүмдүктөрү;

Ири көлөмдүү таштандылар – керектөөдөн чыккан жана көлөмүнүн чоңдугуна байланыштуу атайын таштанды ташуучу унаалар менен ташууга мүмкүн болбогон үй тиричилик жана чарбалык иштердин калдыктары (тиричилик техникасы, эмерек ж.б.);

Контейнер аянтчасы - өндүрүштүн жана үй тиричиликте керектелген буюмдардын калдыктарын, катуу калдыктарды чогултуу жана убактылуу сактоо үчүн керектүү сандагы контейнерлер орнотулуп, атайын жабдылган аянт;

Таштанды - ар кандай калдыктар, анын ичинде катуу тиричилик калдыктары, ири көлөмдүү калдыктар, керектөө жана өндүрүш калдыктары;

Уруксат берилбеген жерге ташталган таштандылар – чектелген аянтта көлөмү 30 куб метрден ашык юридикалык же жеке жактардын ишинин жүрүшүндө пайда болгон катуу калдыктарды, көлөмдүү таштандыларды, өндүрүш жана курулуш калдыктарын, башка калдыктарды туш келген жерге (уруксатсыз) таштоо (жерге салуу) же сактоо.

Парк - эс алууга жана көңүл ачуучу оюн-зоок өткөрүүгө арналган жалпы пайдалануудагы жашылдандырылган аймак;

Катуу калдыктарды чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү (Кызмат көрсөтүүчү) – катуу калдыктарды чогултуу, ташып чыгаруу, жок кылуу жана калктуу конуштун аймагын санитардык тазалоо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен келишим түзгөн юридикалык же жеке жак.

Курчап турган айланадагы аймак - юридикалык же жеке жактардын менчигинде, ижарага алынган же пайдаланылган жер тилкесинин, имараттын, чарбалык курулуштун жана башка объекттердин чек араларына периметри боюнча тикелей чектеш, ижара укугунан бошотулган муниципалдык аймак;

Коомдук келишим (ушул Эрежелер үчүн) - кызмат көрсөтүүчү менен керектөөчүнүн ортосунда түзүлгөн келишим, анда кызмат көрсөтүүчү ага кайрылган ар бир адамга карата аткарууга милдеттүү кызматтарды көрсөтүүчүнүн милдеттери белгиленген;

Коомдук сунуш/оферта (ушул Эрежелер үчүн) – кызмат көрсөтүүчүнүн сунушу, андан сунуш киргизген кызмат көрсөтүүчүнүн сунушта көрсөтүлгөн шарттарда келишим түзүү эркин байкалат;

Аймакты санитардык жактан тазалоо – аймакты тазалоо, көчөдөгү таштандыларды, калдыктарды чогултуу;

Көчөдөгү таштандылар – жолдордо, тротуарларда, эс алуучу сейил бактарда жана башка коомдук жайларда пайда болгон таштандылардын түрү (көчө таштандылары), алар грунт, кум-таш, топурак, табигый өсүүчү бак даректардын материалдары (жыгачтар, өсүмдүктөрдүн калдыктары), кагаз, картон, полиэтилен, айнек, чүпүрөк, металл жана башка материалдардан турат.

Катуу тиричилик калдыктар (мындан ары - КТК) – адамдар күнүмдүк турмуш тиричилигинде колдонгон, анын ичинде тамак-аш азыктарын жасоодон, турак үйлөрдү, үйдүн тегерегиндеги короолорду жана жалпы эл колдонуучу жайларды жыйноодон, турак жайларда үй жаныбарларын жана үй канаттууларын багуудан пайда болгон жана ошондой эле эскирген, үйдөгү пайдаланылбай калган буюмдардын калдыктары.

3. Турмуш тиричиликтеги калдыктарды чогултуу жана чыгаруу иштерин уюштуруу

6. Нарзан айыл аймагынын аймагында жашаган же иш жүргүзгөн жеке жана юридикалык жактар (абоненттер) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилген кызмат көрсөтүүчү менен катуу тиричилик калдыктарын (КТК) чыгаруу боюнча келишим түзүүгө милдеттүү.

7. Жеке турак үйлөрдө жана көп кабаттуу турак үйлөрдө жашаган жарандар менен мамилелерде Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык ачык келишимдерди же ачык офертанын негизинде келишимдерди түзүүгө жол берилет.

8. Жеке турак үйлөрдө жашаган калк сорттолгон калдыктарды каптарга чогултат.

9. Калк кварталдын/көчөнүн/айылдын жыйынында калдыктар салынган каптарды убактылуу топтоо жайларын макулдашат.

10. Кызмат көрсөтүүчү өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша калкты кайра иштетилүүчү сорттолгон калдыктарды чогултуу үчүн каптар менен камсыз кылат.

11. Эгерде абонент кайра иштетилүүчү калдыктарды сорттоо боюнча милдеттенмелерди ак ниеттүү аткарса, кызмат көрсөтүүчү мындай абонент үчүн тарифти төмөндөтүү мүмкүнчүлүгүн карайт.

12. Көп кабаттуу үйлөрдө жашаган калк калдыктарды контейнерлерге чогултат.

13. Контейнердик аянтчалар асфальт же бетон жабуусу менен, жол тарапка эңкейиши бар жана кирүүчү жолдору менен камсыздалууга тийиш.

14. Контейнердик аянтча үч тарабынан тосмо менен жабдылып, таштандылардын айланасындагы аймакка чачырашына жол бербеши керек. Белгиленген тартипте иштелип чыгып, макулдашылган жеке долбоорлор (эскиздер) боюнча жабык типтеги контейнердик аянтчаларды курууга жол берилет.

15. Контейнерлер жууп-тазаланып, дезинфекциялоочу каражаттар менен иштетилиши керек.

16. Контейнердик аянтчаларды тазалоо (жыйноо) боюнча жоопкерчилик төмөнкүчө жүктөлөт:

- жалпы пайдалануудагы муниципалдык аймактагы контейнердик аянтчалар боюнча - кызмат көрсөтүүчүгө;

- калган аймактар боюнча (ижарада, менчикте же пайдалануда турган) — тиешелүү мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга, башка чарба субъекттерине, жеке жана юридикалык жактарга.

17. Каптарды же контейнерлерди таштанды ташуучу унаага жүктөө учурунда төгүлгөн таштандыларды тазалоо, ошондой эле контейнердик аянтчада топтолгон таштандыларды жыйноо кызмат көрсөтүүчүнүн милдети болуп саналат.

18. Чарба ишмердүүлүгүн жүргүзгөн уюмдардын калдыктарын чогултуу жана убактылуу сактоо атайын жабдылган жайларда ошол уюмдардын өз күчү менен жүргүзүлөт.

19. Калдыктар салынган каптардын же контейнерлердин ашыкча толушуна, ошондой эле контейнерлерде тиричилик калдыктарын өрттөөгө жол берилбейт. Таштандылар графикке ылайык өз убагында чыгарылышы керек.

20. Контейнердик аянтчаларды жана контейнерлерди пайдаланган жана тейлеген уюмдар аларды өз убагында оңдоп-түздөөгө жана жараксыз контейнерлерди алмаштырууга милдеттүү.

21. Таштандылар салынган каптарды чогултуу жайлары же контейнерлер атайын жабдылган аянтчаларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аткаруучу органы, айыл старосталары, кварталдык комитеттер жана КТКны чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү менен макулдашуу аркылуу жайгаштырылат.

22. Каптарды жайгаштырууга жана контейнерлерди жолдун жүрүүчү бөлүгүнө, тротуарларга, газондорго, ошондой эле сугат каналдарынан 10 метрден жакын аралыкта орнотууга тыюу салынат.

23. Абоненттерден таштандыларды чыгаруу кызмат көрсөтүүчү тарабынан түзүлгөн келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

24. Кызмат көрсөтүүчү тарабынан тейлөө камтылбаган юридикалык жактар таштандыларды утилдештирүү жайына өздөрүнүн транспорт каражаттары менен чыгарышат.

25. Абоненттерден КТКны чыгаруу үчүн төлөм түзүлгөн келишимдерге ылайык, жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген тарифтердин негизинде алынат.

26. Жеке жана юридикалык жактар КТКны чыгаруу жана утилдештирүү кызматтары үчүн төлөмдөрдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ченемдик укуктук актыларына жана түзүлгөн келишимдерге ылайык өз убагында жана толук көлөмдө төлөөгө милдеттүү.

27. 26-пунктта көрсөтүлгөн талаптарды аткарбоо Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

28. Ири көлөмдөгү таштандыларды (калдыктарды) чыгаруу боюнча жоопкерчилик ошол калдыктарга ээлик кылган ишканаларга, мекемелерге жана жеке жактарга жүктөлөт.

29. Кыймылсыз мүлктү куруу жана (же) оңдоо иштерин жүргүзгөн жеке жана юридикалык жактар иш баштоого чейин курулуш калдыктарын утилдештирүү боюнча келишим түзүүгө, ошондой эле аларды өз алдынча же кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимдин негизинде чыгарууга милдеттүү.

30. Газондорду куураган жалбыректардан тазалоо, даректарды санитардык кыркуу, даректарды кыйуу, тирүү тосмолорду кыркып түздөө, газондорду чабуу жана башка иштердин натыйжасында пайда болгон таштандыларды чыгаруу КТКны чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

31. Муниципалдык көчөлөрдү жана аянттарды тазалоонун натыйжасында пайда болгон көчө таштандыларын чыгаруу муниципалдык заказдын негизинде кызмат көрсөтүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

32. Көчөлөрдө, базарларда, парктарда жана башка коомдук жайларда таштанды салуучу урналар орнотулууга тийиш.

33. Калк көп топтолгон жайларда урналар бири-биринен 50 метр аралыкта, көчөлөрдө 100 метрге чейинки аралыкта орнотулат. Көп кабаттуу үйлөрдүн короолорунда ар бир кире бериштин жанында, коомдук транспорттун токтоочу жайларында жана уюмдардын кире бериштеринде кеминде эки урна орнотулууга тийиш.

34. Бекитилген жана чектеш аймактарга урналар тиешелүү аймактарды күтүүгө жооптуу болгон жеке жана юридикалык жактардын, соода объекттеринин, коомдук тамактануу жана тиричилик тейлөө объекттеринин, уюмдардын, мекемелердин жана башка объекттердин ээлеринин, ижарачыларынын жана пайдалануучуларынын өз каражаттарынын эсебинен орнотулат.

35. Чектеш аймактарда жана башка коомдук жайларда урналар жергиликтүү бюджеттин же КТКны чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн каражаттарынын эсебинен орнотулат.

36. Урналарды тазалоо кызмат көрсөтүүчү тарабынан толгонуна жараша, бирок күнүнө кеминде бир жолу жүргүзүлөт. Урналарды жуу — булганганына жараша, бирок жумасына кеминде бир жолу жүргүзүлөт.

37. Бекитилген аймактарда орнотулган урналарды жуу объекттердин ээлери жана ижарачылары тарабынан жүргүзүлөт.

38. Уруксатсыз таштанды төгүлгөн жайларды уюштурган же калдыктарды өрттөгөн адамдар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

39. Эгерде уруксатсыз таштанды төгүлгөн жайларды уюштурган адамдар аныкталбаса, анда мындай жайларды тазалоо жана рекультивациялоо аймактын менчик ээсинин же жер пайдалануучунун эсебинен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же анын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан берилген көрсөтмөдө белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

40. Калдыктарды утилдештирүү жайларын кармоо боюнча жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аткаруучу органына жана утилдештирүү боюнча кызмат көрсөтүүчүгө жүктөлөт.

4. Санитардык тейлөө жана аймакты тазалоону уюштуруу

41. Жалпы пайдалануудагы аймактарды санитардык кармоо таштандыларды жана шыпырындыны үзгүлтүксүз тазалоону камтыйт; кыш мезгилинде — карды жана музду тазалоо, жолдордун жана тротуарлардын жүрүүчү бөлүктөрүнө кум себүү; жай мезгилинде — жол жабууларын жана тротуарларды жуу, сугаруу, газондорду чабуу, жашыл насаждения ларды жана чакан архитектуралык формаларды кароо, ошондой эле башка тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү.

42. Уюмдар, чарба субъекттеринин ээлери, турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлери бекитилген, бөлүнгөн жана чектеш аймактарды күн сайын санитардык тазалоону өз каражаттарынын эсебинен өз алдынча же кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүүгө милдеттүү.

43. Таштандыларды топтоо жана сактоо кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимге ылайык жүргүзүлөт.

44. Кызмат көрсөтүүчү муниципалдык заказдын негизинде көчөлөрдү, аянттарды, парктарды, сугат тармактарын жана башка коомдук аймактарды тазалоо иштерин технологиялык карталарга жана башка документтерге ылайык уюштуруу жана жүргүзүү үчүн жооптуу.

45. Имараттардын жана курулмалардын, турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлери жана ижарачылары өздөрүнө бекитилген аймактардын, короо-жай жана үй айланасынын чегинде үзгүлтүксүз тазалоону, жашыл насажденияларды жана сугат тармактарын кармоону камсыз кылууга милдеттүү, анын ичинде:

- узундугу боюнча — имараттарга, үй ээликтерине же жер тилкелерине чектеш бардык аймактын узундугу боюнча;

- туурасы боюнча — жолдун же аянттын жүрүүчү бөлүгүнө чейин, ал эми бир тараптуу курулуш болгон учурда — жолдун толук туурасы боюнча, карама-каршы тротуарды кошо камтуу менен.

46. Эгерде бир имаратта бир нече пайдалануучу (ижарачы) жайгашса, чектеш аймакты санитардык кармоо боюнча жоопкерчилик имараттын менчик ээсине жүктөлөт. Бул учурда жоопкерчилик чектерин ижара келишими же бардык пайдалануучулар кол койгон келишим аркылуу тактоого болот.

47. Кызмат көрсөтүүчү жолдордун жүрүүчү бөлүктөрүн, көчөлөрдү жана аянттарды, тротуарларды, коомдук транспорттун токтоочу жайларын (ижарага берилгендерден тышкары) жана башка муниципалдык аймактарды, анын ичинде газондордон жана сугат тармактарынан түш келди таштандыларды тазалоону жүргүзөт.

48. Кызмат көрсөтүүчү коомдук ажатканаларды кармоону жана тейлөөнү камсыз кылат.

49. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы убактылуу көчө соодасы жүргүзүлгөн жайларды жана соода объекттерине (соода павильондору, тез курулуучу соода комплекстери, чатырлар, киосктар ж.б.) чектеш аймактарды тазалоо боюнча жоопкерчиликти ошол объекттердин ээлерине жүктөө талаптарын белгилейт.

50. Узак убакыт пайдаланылбаган жана өздөштүрүлбөгөн аймактарды, ошондой эле имараттар бузулгандан кийинки аймактарды тазалоо боюнча жоопкерчилик тиешелүү жер пайдалануу укугу бар же жерге ээлик кылган жактарга жүктөлөт.

51. Көп кабаттуу үйлөрдүн короо аймактарынын тазалыгы үчүн турак жай менчик ээлеринин кызыкчылыктарын өкүлчүлүк кылган уюмдар жооптуу.

52. Нөшөр суу канализациясын (суу агызуу тармактарын) булгап-тосууга, ошондой эле шыпырындыны жана тиричилик калдыктарын жаан суу кабыл алуучу кудуктарга таштоого тыюу салынат.

53. Курулуш материалдарын, конструкцияларды, жабдууларды, идиштерди, күйүүчү материалдарды, топуракты, кумду, шагылды жана башка нерселерди жана материалдарды чектеш жана муниципалдык жалпы пайдалануудагы аймактарда сактоого тыюу салынат.

5. Тартипти, тазалыкты жана көрктөндүрүүнү камсыз кылуу

54. Жеке жана юридикалык жактар айыл аймагынын бүткүл аймагында, анын ичинде жалпы пайдалануудагы аймактарда тазалыкты сактоого жана тартипти камсыз кылууга, көрктөндүрүү элементтерин (жолдорду, тротуарларды, газондорду, чакан архитектуралык формаларды, тышкы жарыктандырууну, сугат тармактарын ж.б.) бузууга же талкалоого жол бербөөгө, ар кандай менчиктеги объекттерге аяр мамиле кылууга милдеттүү.

55. Айыл аймагынын аймагында жалпы пайдалануудагы жерлерге тиричилик жана курулуш калдыктарын, өндүрүш калдыктарын, идиштерди, кыйылган даректардын калдыктарын, жалбырактарды, карды таштоого жол берилбейт.

56. Таштандылар үчүн урналарды, көчө жарыктандыруу фонарларын, эстеликтерди, отургучтарды жана башка чакан архитектуралык формаларды бузууга же жок кылууга тыюу салынат.

57. Таштандыларды, жалбырактарды, идиштерди, автоунаа дөңгөлөктөрүн, өндүрүш калдыктарын өрттөөгө, от жагууга, ошондой эле таштандыларды жер тилкелеринин аймагында, анын ичинде ишканалардын ички аймактарында жана жеке турак жайларда көмүүгө тыюу салынат.

58. Газондордо, клумбаларда, гүлзарларда, балдар аянтчаларында, сугат жана коллектордук-дренаждык тармактарда ар кандай максаттагы объекттерди жайгаштырууга, ошондой эле сугат тармактарынын иштөө кесилишинин тарылышына алып келген түтүктөрдү төшөөгө тыюу салынат.

6. Жашылдандыруу.

59. Объектилерди жашылдандырууга төмөнкү иштер кирет:

- бак-даректарды отургузуу,
- бак-даректарды жана бадалдарды, гүлзарларды багуу боюнча иштер – жер кыртышын азыктандыруу, сугаруу, жумшартуу, отоо чөптөрдү тазалоо, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо, жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөрдү коргоо (бардык тиешелүү жумуштарды аткаруу менен), жер семирткичтерди, таштандыларды жүктөө жана түшүрүү; куурап калган жана кулай турган даректарды кыюу жана башкалар;
- газонду багуу боюнча жумуштар - тырмоо, жумшартуу, жер семирткичтерди чачуу, сугаруу, отоо чөптөрдү тазалоо, таштандыларды жана түшкөн жалбырактарды жыйноо, топуракка отургузуу, газондун капталындагы өсүмдүктөрдү кыюу, чөптөрдү чабуу, пестициддер жана гербициддер менен дарылоо;
- скверлерди жана бакчаларды тосуу;
- Нарзан айыл аймагынын жерлерин жашылдандырууга тиешелүү жана башка дагы жумуштарды аткаруу.

60. Жашыл аймактарды талаптагыдай күтүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик төмөнкүлөргө жүктөлөт:

- жалпы пайдалануудагы аймактарда - парктарда, скверлерде, сейил бактарда, көчөлөрдө – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы аныктаган тиешелүү кызматтарды/иштерди аткаруучуга;
- турак жайлар жайгашкан кичи райондордогу жана квартал ичиндеги участоктордо - үй жана кварталдык комитеттерге, турак жай ээлеринин бирикмелерине, имараттарды ижарага алуучуларга жана жер участокторунун ээлерине;
- уюмдардын, ишканалардын жана башка юридикалык жактардын аймактарында ошол жердеги уюмдардын жетекчилерине;

61. Жашыл аянттардын бардык түрлөрү үчүн сугаруунун жыштыгы май айынан октябрды кошо алганда 7-10 күндө бир жолудан кем эмес болушу керек.

62. Жашылдандыруу объектилериндеги жашыл аянттарды сугаруу эртең менен саат 8.00-9.00дөн кечиктирбестен же кечинде саат 18.00-19.00дөн кийин жүргүзүлөт.

63. Кызматтарды/иштерди сунуштоочу жашыл аянтчалардын таажысын өз убагында кыркууну камсыз кылат.

64. Таажыны санитардык кыркуу иштерине - эскирген, илдетке чалдыккан, куурап калган жана бузулган бутактарды, ошондой эле таажысы ичине карай өскөн же бири-бирине жакын жайгашкан бутактарды алып салуу сыяктуу иштерди аткаруу камтылат. Санитардык кыркуу жыл сайын бүткүл вегетация мезгилинде жүргүзүлөт.

65. Түзүлүшүн келтирүү үчүн кыркуу - таажыга ылайыктуу түзүлүштү камсыздоо, өсүмдүктөрдүн бийиктигин тегиздөө, жол белгилеринин, светофорлордун ж.б. көрүнүүсүн камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт. Бак-даректарды жана бадалдарды калыптандыруу иштери бак-даректар чандашып (ширелерин бөлүп чыгаруу) жаткан мезгилде (апрель-май) жүргүзүлбөйт.

66. Аймактарды жашылдандыруу аларды курулуш материалдарынын калдыктарынан, таштандылардан тазалоодон, жер астындагы коммуникацияларды жана курулмаларды төшөөдөн, жолдорду, өтмөлөрдү, тротуарларды төшөөдөн, аянтчаларды жана тосмолорду иретке келтиргенден кийин жүргүзүлөт.

67. Өсүшү начар бак-даректарды жана бадалдарды, таажысы бузулган (бир жактуу, жалпак ж.б.), жаракалары бар, ошондой эле зыянкечтерден жана илдеттерден жабыркаган бак-даректарды отургузууга тыюу салынат.

68. Ак-Жар айыл аймактарынын чегинде жайгашкан бардык жашыл зоналар менчигинин түрүнө карабастан бирдиктүү жашыл фондду түзөт жана коргоого алынат.

69. Менчигинин түрүнө карабастан, аймагында жашыл аянтчалары бар юридикалык жана жеке жактарга, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилет жана ошондой эле жашыл аянтчаларды талаптагыдай күтүү жана сактоо жоопкерчилигин алгандар төмөнкүлөрдү камсыздашат:

- иштеп жаткан жашыл аянттардын бузулбай жана жок кылынбай толук сакталышына, ошондой эле өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоону камсыз кылууга;
- жашыл зоналарды өз убагында квалификациялуу күтүүнү жана реконструкциялоону (капиталдык оңдоону), анын ичинде бул иштерди аткарууга жашылдандыруу боюнча адистештирилген ишканаларды тартуу жолу менен камсыз кылуу;
- жашыл зоналар өскөн аймактардын тиричилик жана өндүрүш калдыктары, курулуш калдыктары, канализация сыяктуу өсүмдүктөргө зыяндуу башка заттар менен булганышына жол бербөө;
- жайында жана кургакчылыкта газондорду, гүлзарларды, бак-даректарды жана бадалдарды сугаруу;
- газондорду тебелеп кетүүгө жана аларга курулуш материалдарын, кумдарды, калдыктарды, кар, муз сыныктарын жана башкаларды сактоого жол бербөөгө;
- жаңы бак-даректарды жана бадалдарды отургузуу, жолдордун тармагын өзгөртүү менен кайра куруу жана техниканы жайгаштыруу иштери агротехникалык шарттарды так сактоо менен белгиленген тартипте макулдашылган долбоорлор боюнча гана жүргүзүлүүгө тийиш;
- багуу жана оңдоо процессинде жүргүзүлгөн бак-даректарды жана бадалдарды кыюу жана кайра отургузуу иштери бардык учурларда ушул Эрежелердин талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат;

70. Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөр тыюу салынат:

- жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларын кошпогондо, жашыл аянтчаларды бузууга жана жок кылууга;
- тиешелүү кызматтардын макулдугу жок бак-даректарды, бадалдарды өз алдынча кыюуга жана отургузууга, огороддорду жана газондорду иретке келтирүүгө;
- бакчанын жана парктын жолдорун тазалоодон алынган таза кардан тышкары, таштандыларды, карларды жана муздарды төгүүчү жайларды уюштурууга;
- калдыктарды жана башка булганган заттарды газондорго төгүүгө;
- жалбыректарды күйгүзүүгө, жапырт жалбырак түшүү мезгилинде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-даректарды жана бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеши үчүн үймөктөргө чогултуу, компост салуу үчүн атайын бөлүнгөн жерлерге алып салуу же таштанды жайларына алып баруу максатка ылайыктуу);
- от жагууга жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузууга;

- бак-даректарга мыктарды кагууга, бак-даректарга зыян келтирүүчү илгичтерди, көрнөк-жарнактарды, кулактандырууларды, мамлекеттик номурларды, белгилерди, электр зымдарын, лампалардын электр гирляндаларын, туу гирляндаларын чаптоого, тикенек зымдарды жана башка тосмолорду тосууга;

- даректардан шире, чайыр алууга, кабыгын кесип, оюктарды, жазууларды жасоого жана башка механикалык зыян келтирүүгө;

- белгиленген эрежелер боюнча макулдашуусуз инженердик коммуникацияларды төшөө үчүн казуу иштерин жүргүзүүгө;

- газондордо жана жашыл мейкиндиктери бар башка аянттарда транспорт каражаттарын өткөрүү жана токтотууга;

- гүлдөрдү үзүп, даректардын жана бадалдардын бутактарын сындырууга;

71. Жашыл аймактарды жаңыдан куруу, реконструкциялоо, калыбына келтирүү боюнча бардык иштер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же ал ыйгарым укук берген уюм менен белгиленген тартипте макулдашылып, иштелип чыккан жана бекитилген долбоордук документтерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

7. Тышкы жарыктандыруу

72. Муниципалдык менчиктеги тышкы жарыктандыруу тармактарын тейлөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан дайындалган кызмат көрсөтүүчү/подрядчы тарабынан жүргүзүлөт.

73. Жарык берүүчү тармактарды эксплуатациялоо эрежелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 155 токтомунда бекитилген электр энергиясын пайдалануу менен жөнгө салынат.

74. Тышкы жарыктандырууну күйгүзүү жана өчүрүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графиктер боюнча жүргүзүлөт.

75. Жергиликтүү бийлик коомдук жайларда иштебей турган көчө чырактарынын санына жол берилген ченемди белгилейт.

76. Металл мамылар жана тышкы жарыктандыруунун башка элементтери таза, дат басылбашы жана зарыл болгон учурда сырдалышы керек, бирок үч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш.

77. Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө берилген аймактарда орнотулган же сатып алынган тышкы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттүү.

78. Сырткы жарыктандыруунун жана майрамдык иллюминациянын жаңыдан киргизилген элементтерин жайгаштыруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен макулдашылат.

8. Эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги

79. Ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык дисциплинардык жана жарандык-укуктук жоопкерчилик белгиленет.

80. Ушул Эрежелерди бузууга күнөөлүү болгон жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 114-беренесине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

81. Жеке жана юридикалык жактар таштандыларды белгиленбеген жерлерге ыргытуу жана өрттөө үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 115-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат.

82. Жеке жана юридикалык жактар көп кабаттуу турак үйлөрдүн жалпы пайдалануудагы жайларын санитардык кармоо эрежелерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 110-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат.

83. Укук бузуулар жөнүндө иштер тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын комиссиялары тарабынан каралат.

84. Укук бузуулар боюнча комиссиянын ишмердүүлүгү Нарзан айылдык кеңешинин 2025-жылдын 17-январындагы № 01-3/14 токтому менен бекитилген жобо менен жөнгө салынат.

85. Септиктерди, чуңкур дааратканаларды жана башка канализациялык курулмаларды муниципалдык жалпы пайдалануудагы аймактарда, ошондой эле бөлүнүп берилген жер тилкесинин чегинен тышкары чектеш аймактарда жайгаштырууга жана курууга тыюу салынат.

Көрсөтүлгөн курулмаларды жайгаштырууга Кыргыз Республикасынын санитардык, экологиялык жана курулуш нормаларын сактоо менен жер тилкесинин чегинде гана жол берилет.

Өз алдынча орнотулган курулмалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан берилген көрсөтмөдө белгиленген мөөнөттө күнөөлүү адамдардын эсебинен демонтаждалууга тийиш. Ушул пунктту бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.